УДК: 371.036

Акматов Н.Р.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНДА ЭКОЛОГИЯЛЫК МАСЕЛЕЛЕРДИН КӨТӨРҮЛҮШҮ

*«Эгер мен сөздүн кудуретине ишенбесем,*
*анда жазбайт элем!» Ч.А.*

*Макалада Ч.Айтматовдун чыгармаларында көтөрүлгөн экологиялык маселелер талдоого, алынды.*

***Негизги сөздөр:*** *Ч.Айтматов, адам, чыгармалар, экология, жаратылыш, табият, чеберчилик, мөңгү, карагай, жан-жаныбар, айлана-чөйрө, ыйык.*

*В статье анализируются экологические проблемы в произведениях Ч.Айтматова.*

***Ключевые слова:*** *Ч. Айтматов, человек, произведения, экология, природа, мастерство, ледник, ель, животные, окружающая среда, священный.*

*The paper analyzes the issues of nature in the novels of Ch. Aitmatov.*

***Key words:*** *Ch. Aitmatov, people, novels, ecology, nature, mastery, glacier, forest, animals, environment, sainted.*

Кыргыз элинде экологиялык маселелер байыртадан бери козголуп, элдин түшүнүгүндө жаратылыш ыйык, аны коргоо инсандык парз болгон. Экология термини *эко* – «айлана-чөйрө», *логос* – «окуу», «үйрөнүү», «изилдөө» дегенди билдирери табият таануу илиминде белгилүү. Экология дегенибиз, баарыдан мурун, табигый чөйрөнүн өз мыйзамдарына ылайык өнүгүшүн, жаратылыш менен коомдун тыгыз байланышын түшүндүрөт. Ошондуктан чыгармалардын көтөргөн жүгү – алда канча салмактуу, адамдардын жан-дүйнөсүн оңдой турган таасирдүү философиялык, этикалык, акыйкатты табуу маселеси. Алар: табият жана адам темасы, жакшылык менен жамандыктын ортосундагы карама-каршылыктар. Табият маселеси күндөн-күнгө кулачын жайып баратат. Анын негизги себеби‒мекендештерибизде кайдыгер мамиленин орун алышы жана айлана-чөйрөгө болгон салкын көз караштын өкүм сүрүшү.

Адам жана ал жашаган табигый чөйрөнү сактоо, зыяндуу таасирдин алдын алуу, жаратылыштын орду коомчулукка кандай таңууланганын иликтөө – илимдеги актуалдуу маселелердин бири. Бул макаладагы биздин максат – Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы адамзаттын башкы маселелеринен болгон экология маселелерин ачып көрсөтүү жана анын негизинде жаш муундарды окутуп-тарбиялоо.

Доордун кайсы бир мезгили болбосун, адам менен жаратылыш, табият бири-бирине үндөш, шайкеш келип, алардын карым-катышынан дүйнө куралат. Албетте, табият менен таттуу мамиледе болуу аркылуу, ал “коом” ажайып тазалыкка, аруулукка бөлөнөт. Кыргыз элинен чыккан, кыргыз элин бүт ааламга белгилүү кылган чыгаан, улуу жазуучу Ч.Айтматов чыгармачылыгында табияттын өзгөчөлүгүнө кайдыгер караган эмес. Ал өзүнүн жакынкы Европадагы жолугушууларында «Силер экология жөнүндө азыр айтып жатасыңар. Түрк дүйнөсүндө экология маселеси мындан миң жыл мурда айтылып келген», - деп белгилеген.

Эң алгач саясий-тоталитардык режимдин каардуу күндөрүнөн башталып, Улуу Ата Мекендик согуш мезгили, андан кийин советтик ураалаган доор, эгемендүүлүк жылдар жана жыйырма биринчи кылымдагы өнүгүүнүн космостук деңгээлге чыккан глобалдашуу мезгилдеринде да табият маселеси козголгон. Буга ылайык, ар бир коомдук учур Айтматовдун чыгармаларында көркөм-философиялык аспектиде чагылдырылып келет. Ал эми ааламдашуу доорунда өкүм сүрүп келе жаткан жетишкендиктер жана көйгөйлөр Айтматовдун көркөм дүйнөсүнүн предметине айланган. Адамзаттын Рух ааламынын жардыланышы, дүйнөдөгү социалдык-экономикалык, экологиялык ири кыйроолор

Ч.Айтматовдун көз алдында өтүп, жан дүйнөсүнө тынчтык бербей жашаганын анын чыгармаларынан окуп, билип эле жүрөбүз. Өзү жашап жаткан мезгилдин кубанычы менен кайгысы, жыргалы менен азабы жазуучунун жүрөгү аркылуу өттү. Дал ошол кезде Айтматов коомдук илдеттерден адамзатты сактап калуудагы өзүнүн адамдык жана жазуучулук парзын аткарууга киришти. Ч.Айтматовдун чыгармаларына көз жүгүртүп окуганыбызда, аңгемелеринен романдарына чейин адам жана тарбия, адам жана экология, адам жана табият маселелери негизги темаларга айланган.

Анын алгачкы чыгармалары болгон "Ак жаан", "Кайракта", "Түнкү сугат", "Асма көпүрө" ж.б. аңгемелеринен эле табият көйгөйүн көрүүгө болот. Ошондой эле «Ак кеме» повестинде карагайлардын кыйылышы, маралдын атылышы сыяктуу экологиялык маселелер чагылдырылса, «Делбирим» повестинде кылымдап турган мөңгү эрип, кар көчкүгө айланып, Байтемирдин үй-бүлөсүн басып калат. Ал эми «Кыямат» романындагы бөкөндөрдүн атылышы, карышкырлардын бөлтүрүктөрүнүн сууга агышы, бөкөндөрдү атуу учурунда тебелендиде калышы жана Базарбайдын колунан уурдалышы; «Кылым карытар бир күн» романында жердин ракеталардын, ядролук куралдардын курчоосунда калышы, «Тоолор кулаганда» романында советтик мезгилден кийинки Кыргызстандын турмушу сүрөттөлөт.

Ч.Айтматовдун «Ак кеме» повести биринчи жолу «Жомоктон кийин» деген ат менен 1970-жылы жарык көргөн. «Ак кеме» деген атты «Новый мир» журналынын редактору А.Твардовский сунуштаган. Жазуучу аталган повестти жазуудан мурда экология темасы боюнча кыскача макала, очерк жазууну пландап жүргөн болот. Анын ошол идеясы капысынан Чолпон-Ата шаарына келгенде, бир жаш жигиттин «Мен маралды атып алдым!»,- деп мактанып сүйлөгөн сөзү жазуучунун чакан экология тууралуу макала жазуу жөнүндөгү планын түп-тамырынан өзгөртүп, капысынан повестке айланат.

Байыртадан бугу – кыргыз элинин кырк уруусунун негизги урууларынын бири болгон, Ысык-Көлдү мекендешкен кыргыздардын тотемдик жаныбары. Кыргыздар байыркы мезгилден бугуну ыйык эстептеп келишкен. Чыгармада «Бугу Эне» жөнүндөгү жомок автор тарабынан чоң чыгармачылык чеберчиликте иштелип чыгып берилген. Автор бугуну Бугу Эне, Мүйүздүү Эне, Мүйүздүү Бугу Эне деген табулар менен кылдат бере алган. Бул жомок чыгарманын көркөмдүк деңгээлин жогору көтөрүп чыккан. Чыгармада «Бугу Эне» жөнүндөгү жомокту Балага таятасы Момун чал айтып берет. Бирок Момун чал Орозкулдун буйругу менен бугуну атып өлтүрдү. Баланын ою астын-үстүн болду?.. «Эми Момун чал баланын бетин кантип карайт?» деген суроо туулат. Экинчиден, карагайлар токой кардонунда мыйзамсыз кыйылып, аракка сатылат. Момун чал мында да Орозкулдун айтканы менен карагайларды ташып, атка сүйрөтүп тиешелүү жерге жеткирип турат.

Марал – Совет мезгилинде Кызыл китепке кирген баалуу жаныбарлардын бири. Бугунун мүйүзү сувенир, дарылык касиетке да ээ болгон. Териси баалуу. Мурунку мезгилде көп болгон, бирок 1960-жылдары кескин азайып кеткен жапайы жандыктардын катарына кирген. Ал эми карагай – дарак өсүмдүгүнүн Ысык-Көлдөгү бир түрү. Карагай – адам баласына кычкылтекти бөлүп чыгарат, зыяндуу заттарды, чаңдарды өзүнө соруп ала алат. Карагайдан кагаз, отун, турак-жай салуучу материалдар, үй эмеректери жасалып даярдалат. Топурактын нымдуулугун сактайт, тамырлары аркылуу жер кыртышынын үстүңкү катмарынын катуулугун кармап турат. Жалпысынан, табияттын кооздугун арттырып, адам баласынын жана жан-жаныбарлардын жашоосуна жакшы шарт түзүлөт. Карагайлардын көп кылымдап жер астында сакталышынан улам көмүр пайда болот.

"Ак кеме" повестинде Бугу-Эне жөнүндөгү миф менен реалдуулук пайдаланылган. Кыргыз элиндеги Бугу уруусунун генеалогиясы жөнүндөгү санжыранын негизинде жуурулушуп, чыгарманын көркүн ачкан. Окурманды ойго салган негизги маселе – баланын "Адамдар арасында" жашагысы келбей "балык болуп" сүзүп кетүүсү, ошондой эле экология, адеп-ахлак проблемасы менен катар адам эркиндигине карата коомдук кысымдын

катышын байкоого болот. Жазуучу чыгармадагы каармандардын образдары аркылуу тарбиянын башаты – бул үй-бүлө экендигин белгилеген. Ч.Айтматов Каркырада Башарын деген жерде Момун карыяга кезигип, окуянын тщпкщ маъызын турмуштан алганын эскерщщлёрщндё жазган. Чыгарманын негизинде 1975-жылы режиссер Болот Шамшиевдин демилгеси менен Ысык-Көлдө кино тартылган.

Ал эми “Деңиз бойлой жорткон ала дөбөт” повестинде алыскы Охотск деңизинин жээгиндеги нивх элинин турмушу сүрөттөлгөн. Албетте, жазуучунун негизги максаты нивх элинин социалдык абалын, салт-санаасын, тиричилик эрежелеринин кандай өзгөчөлүктүү экендигин сүрөттөө эмес, повесть улуу деңизде улуу туманда калган аңчылардын Адамдык Улуулугу жөнүндөгү чыгарма болуп саналат. Повесттин башкы каармандары жаратылыш стихиясын өзүлөрүнүн бийик адамгерчилик сапаты менен жеңип чыгышат.

“Саманчынын жолу” повестинде жазуучу адам менен жердин өз ара сүйлөшүүлөрүн образдуу кылып пайдаланган. Бекеринен, автор жердин образын символдоштурбайт. Жер-Эне менен Адам-Эне ортосундагы сүйлөшүүнүн өзгөчөлүктөрүнүн бири жалпы адамзатка таандык идеялардын орун алышы, табият менен адамдын тыгыздыгы, өз ара алакасы окурманды ойго салат. Бул тууралуу казак окумуштуусу жана жазуучусу Мухтар Ауэзов: “Айтматовдун повести психологиялуу, табигый жана жөнөкөй” деген баасын берген.

«Делбирим» повестиндеги түбөлүк эрибеген мөңгүнүн эрип, көчкүгө айланышы тууралуу баяндалган. Мөңгү – Кыргызстандын биринчи байлыгы. Кыргызстандын суусу экологиялык жагынан таза. Бирок мезгилдин өтүшү менен мөңгүлөр да азайып кетүү коркунучу бар экени чагылдырылат. Бул маселе Ч.Айтматовдун публицистикаларында, т.а., «Ысык-Көлдүн куту жана куну» аттуу публицистикасында да көтөрүлгөн. Арал деңизинин соолушу жана анын кесепетинен туздардын учушу аркылуу мөңгүлөргө таасирин тийгизгендиктен, акыркы учурларда мөъгүлөрдүн эриши көбөйө баштаган.

1990-жылдары Түркиянын президенти Тургут Озал Кыргызстанга келгенде, Кыргызстандын президенти А.Акаевге: «Аскар, тээтиги мөңгүлөрдү карачы! Сени жана сенин мамлекетиңди ошол мөңгүлөр эле багат! Сенин байлыгың – тээтигил мөңгүлөр!»,- деп өзгөчө белгилеп көрсөтүптүр.

Кыргызстандагы мөңгү маселелери акыркы кездерде гана Жогорку Кеңеште, парламентте көтөрүлүп жатат. Ал эми Ч.Айтматов 60-жылдарда эле бул маселени чыгармалары аркылуу коомчулуктун талкуусуна койгон.

«Кыямат» романында бөкөндөрдүн атылышы жана карышкырлардын аянычтуу тагдыры баяндалат. Бөкөндөр да табиятта азайып бараткан жандыктардан болуп эсептелет. Совет мезгилинде эттин планын толтуруу максатында, кайсы бир акылы тайкынын кеңеши менен аткаминерлерге жагалдануунун натыйжасында жаратылыштын бир бөлүгү болгон бөкөндөрдү массалык түрдө кыргынга учуратып жиберишкен. Кеңеш өкмөтүнүн мезгилинде бул сыяктуу маселелер көп байкалган. Бирок айтууга эч ким батына алган эмес. Планетанын башына түшкөн ошол глобалдык мүшкүлдөрдү, өтө кыйын экологиялык кырдаалды, айрыкча, адам ыйманынын экологиясын талдаган, азыркы адам менен табигый дүйнөнүн ортосундагы улам тереңдеп бараткан жараканы, карама-каршылыктарды ачып көрсөткөн чыгарма “Кыямат” романы болгон.

Аталган чыгармада карышкырлардын турмушу автор тарабынан адам турмушун көркөмдөп жазгандай салыштырылып жазылган. Айрым окурмандар «Карышкыр – жырткыч жаныбар, малга эле эмес, адамга да кол салат. Анын эмнесин адам турмушун чагылдырып жазгандай аянычтуу жазат?» деген суроолорду да беришет. Көрсө, Ч.Айтматов жаратылыштагы ар бир жандыктын, жан-жаныбардын, алардын ичинде жырткыч жаныбар карышкырдын да жашоого укугу бар экенин баса белгилеп көркөм чагылдырып бериптир. «Карга да болсо, баласын аппагым дейт» деген макалда айтылгандай, адам баласына кандай мээримин төксө, карышкырлар да бөлтүрүктөрүнө ошондой мээрим төгөт турбайбы?!. Биология илиминде, анын ичинде зоологияда

«Карышкыр – жаратылыш санитары» катары эсептелет. Ал токойдогу, тоо-таштагы алсыз, оорулуу жан-жаныбарларды жеп жан сактаган жырткыч жаныбарлардын тобуна кирет. Карышкырдын териси кымбат, баалуу. (Көпчүлүк учурда карышкырдын териси орган кызматкерлеринин үйлөрүндө илинип турат экен. Анын да өзүнчө мааниси, сыры болсо керек?!). Карышкырда күчтүүлүктүн белгиси бар, анын тиши тийген койдун этин дарылык катары колдонгон учурлары эл арасында байкалат, ошондой эле карышкырдын өтү да дарылыкка пайдаланылат.

“Кылым карытар бир күн” романында жазуучу реалдуу жашоо менен фантастиканы бирге айкалыштырат. “Мен муну жер турмушунун метафорасы катары көрсөткөм”, - дейт. Ошондой эле чыгармада миф, легенда, уламыштар жыш пайдаланылган. Чыгармада үч катмарлуу мезгилдик алкак: өткөн, учур, келечек баяндалат. Эне бейит коругу, адамдын башы жана Жер планетасынын катышы. Башкача айтканда, акыл-эсинен ажыраган манкурт Жоламандын башы, корукка алынган эненин бейити ж.б. жактагы цивилизация менен мамиле түзүүгө тыюу салынган Жер планетасынын байланышын көрөбүз. Романдын идеялык көркөм системасында ак куштун чакырык үнү, тарыхтын чакырык үнү...

Айтматовдун чыгармаларынын ичинен жаратылыш темасы өзөктүү орун алган чыгармасы – “Тоолор кулаганда” романы. Чыгарманы адеп окуп баштаганда эле тынымсыз турмуш шарындагы Арсендин жашоосу жана ак мөңгүлүү бийик тоолорду мекендеген, жаратылыш койнунда баарынан жогору туруп жашоо өткөрүп, кайратынан тайып бараткан Жаабарстын күнүмдүк ал-абалынан кабар берип башталат. Демек, мында да автор адам менен табиятты, андагы жандууну бирге карайт. Бул тууралуу Айтматовдун массалык маалымат каражаттарына берген маегинде: «Илбирстин сезими эмне үчүн адамдын сезимине окшош сүрөттөлгөн?» деген суроого, “Жолборс аркылуу адамдын психологиялык портретин кубатына толуп жана картайып, алдан тайып турган кезин чагылдырдым. Себеби бул куракта адамда жана айбанатта ар кандай өзүнө мүнөздүү проблемалар пайда болот”, – деген ой-пикири камтылган. Чыгармада табият жана анын койнунда жашаган жаныбарлардын орду чоң.

Айтматовдун чыгармаларында жаныбарлардын образы адам образдары менен ар дайым параллель сүрөттөлөт. Ал эми идеясы – ар кандай терс иштерден, анын ичинде согуштардан, кыянатчылыктан, террордук кагылыштардан, жаратылышка аёосуз кол салуудан, табиятты бүлүндүрүүдөн оолак болуу. Жашоодо абийир тазалыгы менен тагдырлаш болуу, адамдардын бирин-бири сүйүү, гуманизм идеялары камтылган. Айтматовдун чыгармаларына мүнөздүү болгон сюжет түзүүдөгү көркөм ыкма болгон мифтик окуяларды кошуу, жаратылыш менен тыгыз байланыштуу сүрөттөө, жашоо жана тагдыр темасына кайрылуу болуп саналат. “Тоолор кулаганда” романында идея азыркы мезгил талабына ылайык ачылган. Адамдар арасындагы мындай жай жашоо-турмушунан сырткары, тоодогу карт Жаабарстын жашоосу кошо сүрөттөлөт. Жаабарс – бул жаратылыш, табийгат жандыгы. Жылдан-жылга саны да, түрү да азайып, жок болуп бараткан барстарды коргоп калуу, жаныбарларга зыян келтирбөө ар бирибиздин аң-сезимдүү акылыбызда болсо кана?! Баалуу барс тукумунун терилери бүгүн бизнестин, байлыктын чеңгелинде калды. Мындай алып караганда, Арсен менен Жаабарстын абалы окурманга өзүнөн-өзү түшүнүктүү. Чыгармадагы бул көрүнүштөр аркылуу жазуучу коомчулукта терс иштердин басымдуулук кылып бараткандыгын айтып, инсанды тазалыкка, болгондо да жан дүйнөнүн, адамдык “Мендин” тазалыгына чакырат. Жазуучу мунун баарын аң-сезимдүү туя билип, “коомдук илдеттерди” чыгармаларында чагылдырып, окурмандарга ар тараптуу ачып берди. Чыгарма жарыяланган соң жазуучу массалык маалымат каражаттарынын өкүлдөрүнүн суроолоруна жооп берип жатып, бул романы жөнүндө: “Тоолор кулаганда” – бул менин жаңы эмгегим, жаңы сөзүм. Бул китеп азыркы доордогу ааламдашууну жана учурдагы биздин тагдырыбызды чагылдырат”, –

дейт. Чындыгында, ааламды курчаган түрдүү кырсык алааматтардын алдын алууда ошол нерсени өз акылы менен жаратып, анын алдында алсыз болуп бараткан адам канткенде кыянаттык иштерден баш тартат да, канткенде баары ойдогудай жашоо кечирет деген суроого аргасыз жетеленесиң... Замандын социалдык, адеп-ахлактык, экологиялык, адамзаттын психологиялык олуттуу жана актуалдуу көйгөйлөрү “Тоолор кулаганда” романынын негизги проблемасы болуп калды. Залкар калемгердин чыгармаларында жаратылыш адамдардын жашоосун, ички дүйнөсүн тазалаган өзгөчө критерийлик роль ойнойт. Жаратылыш, балким, катаал болушу да ыктымал. Бирок баары бир акыйкатты аныктоонун, баалоонун, тактоонун, негизги булагы. Айтматов – адабий көркөм пейзаждын чебери. Анын чыгармаларында табияттын сөз менен так, таамай, элестүү тартылган не бир түркүн сүрөттөрү бар. Торгою таңшып, таңдан асманына жылдыз батпай мемиреген түнгө чейин бөксөлүү коктулардан, эгини текши бышкан, жайкалган эгин талаасына чейин, ак куулар конгон Айдың-Көлдөн адам буту баспаган ак мөңгүлүү тоолорго чейин алар жандандырылган “адамдаштырылган психологиялык параллель жашайт”. Биз күндө эле көрүп, байкап-байкабаган ал табият сүрөттөрү жазуучунун “сыйкырдуу” калеминин күчү менен өзгөчө бир поэтикалык нурга тартылат. Айтматовдун чыгармаларында пейзаж активдүү мүнөзгө ээ. Алар мээримдүү, айкөл, шайыр, сулуу, ачуулуу, кырс, таш боор, токтоо, чарчаңкы, акылдуу, “жандуу каармандар”. Аларды сүрөттөө ыкмаларына карап бир нече түргө бөлсө да болот. Ошондой эле улуттук колориттин күчтүү деми сезилип, кыргыздын дүйнө таанымы көрүнүп турат. Айтматовдун чыгармалары бир сырдуу да, бир сындуу. Анын ар бир эмгеги жаратылыштын жандуулугу менен катар өзгөчөлүгүн өйдө коюп, баса белгилеп бергени менен түбөлүктүүлүктүн потенциалы экенинен кабар берет.

«Тоолор кулаганда» романы Советтер Союзунан өзүнчө бөлүнүп, эгемендүүлүктү бийик тутуп, жаңы гана канат кага баштаган Кыргызстандын жарандарынын көйгөйлөрүн көтөрөт. Коомдун өнүгүшү, өзгөрүшү адамдын ички дүйнөсүнө, аң-сезимине таасирин тийгизет. Кечээ күнү социализмде жашагандардын тагдыры бүгүн капитализмге кабылып, жаңы рыноктук көз караштын даамын, маңызын тата баштаганы «Тоолор кулаганда» романындагы каармандар аркылуу берилген. Чыгармада башкы каарман Арсен менен Айдананын сүйүүсү акчага сатылып кетти. Жаңы кыргыз, бизнес элитанын катарындагы шоумен Эрташ-Курчал Арсендин сүйүүсүн тартып алып, аны менен катар эле кол тийгис кыялын тепсеп таштады. Анын кандай экенин аты гана айтып турбайбы, акчасы болгондуктан «Эр» жана таштай бекем, бирок ички дүйнөсүнө көз салсак «Куру Чал», эч нерсеге жарыбагыр! Ошондой болсо дагы таланттуу журналист Арсенден Айдананы жөпжөнөкөй тартып алды. Жок, ката Айдананын боштугунда эмес, бул көз караштын өзгөргөндүгүндө. Көз караштын өзгөрүшү жалгыз гана жаштарды өз койнуна албастан, өмүр бою социализм доорунда жашагандарды да кучагына алган өңдөнөт. Союз учурунда айылда колхоз председатели болгон Бектур атанын да көз карашы карылыгына карабай базар экономикасына карата өзгөргөн. Чакан «Мерген» фирмасын ачып, алыскы өлкөлөрдөн акчалуу мергендерди алып келүү менен алектене баштаган. ЖИПке акча табуу үчүн жок болуп бараткан аркар, жолборсторго аң улоо уюштурганы өкүнүчтүү. Экологияга тикелей зыян келтирип жатканын билип турса да, көңүлүнөн сезип турса да бул ишке барганы кызык. Мындан да кызыгы жолборсту ыйык жаныбар көрүп, ага эч качан аң улоого чыкпаган ата-бабалардын принцибин бузганында. Кары башы менен ата-бабалардын принцибин акчага сатканында. Так ушундай кыйын кезеңдерде, эл көзүн азгырык басып калганда арасынан деги эле бирөөсү чыгып, азгырык булутун көз алдынан айдап, эл көзүн булуттан тазалап, эсине келтирет эмеспи. Чыгармада мындай роль Элеске ыйгарылган. Элес – атына заты жарашкан, жан-дүйнөсү таза келин. Элестей адамдар дүйнөнү ар дайым сактап тургандай өңдөнөт. Бектур аганын жардамчысы, котормочусу Арсен Саманчиндин көзүн ачып, туура жолду назик

сөздөрү, акылы менен көрсөтпөгөндө, Туюк-Жарда мергенчилик күчөп, экологиялык кыйын абалга келмек беле?

Чыгармада Арсендин сүйгөн адамы акчага сатылып кетсе, Жаабарстын карылыгы жеткенде анын өмүр бою жан-жолдошу болгон илбирстин ургаачысын башка илбирс алып кетет. Арсен да, Жаабарс да катып, ташка айланышат. «Тоолор кулаганда» романында да Ч.Айтматов адам менен жаныбарлардын параллелин сүрөттөп жазган. Бул чыгармада жазуучунун «Табияттан колуңарды тарткыла!» деген негизги идеясы берилген. Чыңгыз Айтматов коомдогу жаңы гана пайдубал куруп келаткан көйгөйлөрдү аңдап билип, «Ойгонгула!» деген белгисин так ошол чыгармаларда чагылдырат, көзүбүздү ачып, жаңы жолду көрсөтөт. Чыңгыз Айтматовдун улуулугу, касиети ошондо болгон. Биз жогоруда Совет доорундагы экологиялык маселелерди анализдеп талдап келсек, эми бул чыгармада өзүбүз жашап жаткан доордогу экологиялык маселелер көтөрүлүп жатат.

Азыркы учурда биздин республикада «Ак илбирстин тукуму аттуу» форум өтүп жатат. Бул долбоорго демилге көтөрүү экс-президентибиз А.Атамбаев тарабынан болгон. Кыргызстанга 12 мамлекет ушул долбоор боюнча мүчө болуп катталган. Илбирстин териси баалуу. Ал мышык тукумуна кирүүчү жаныбарга кирет. Ак-Шыйрак сыртында Чоң-Илбирс, Кичи-Илбирс деген суулардын жана жерлердин аттары ошол жерлерде илбирстер бир мезгилдерде көп жашагандыгынан улам коюлган.

Чыңгыз Төрөкулович Айтматов менен 2007-жылы Кыргыз-түрк «Манас» университетинде жолугушканда, ага: «Эмне үчүн чыгармаңыздын аты «Тоолор кулаганда» деп аталган?» деген суроо берилген. Дүйнөлүк залкар жазуучу бул суроого: «Бул романдын атын мен койгон жокмун, аны журналдын редактору койгон»,- деп жооп берген эле. Айтматовдун ар бир сөзү философиялуу, табышмактуу келет, чыгарманын чечилишин окурмандын өз ой-толгоосуна, өзүнүн чечишине койгон учурлары көп байкалат.

2016-жылдын 11-ноябрындагы «Эркин-Тоо» гезитинин «Жаратылыш – түбөлүк байлык!» деген рубрикасында жарыяланган Жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу департаментинин берилген маалыматына караганда, мындай дейт: «Жаныбарлар дүйнөсүнө аяр мамиле кылуу бардыгыбыздын колубуздан келе бербейт. Браконьерлердин куйругун биротоло үзүү мүмкүнчүлүгүнө жете элекпиз. Бүгүнкү күндө республика боюнча 14 млн гектар аңчылык аянт бар. Мындан 1 млн гектар өзгөчө корголуучу аянтчага егерлер көз салышат. Республика боюнча 20 миңдей мыйзамдуу мергенчилер бар. 1995-жылдары калктын башына ачарчылык баш багып, жагар отун-суу көздөн учуп айласыз жан сактоонун камын ойлогон көпчүлүк тоо-токойлорду жойлоп кыйып, талкалап жибербеди беле? Азыркы учурда илбирстер байырлаган аймактарга видеобайкоо камералары орнотулган. Бардык жапайы жаныбарларды көздүн карегиндей сактоо максатында ар биринин асылдуулугу, ыйыктыгына жараша баасы коюлган. Өзгөчө коруктагы жаныбарларга кол салгандардын айыбы жогору. Учурда өлкөдө 52 аңчылык чарба бар. Ошондой эле 9 коомдук, 2 мамлекеттик, 41 жеке менчик чарбалар бар. 41 жеке чарбалар түздөн-түз чет өлкөлүктөр менен иштешет. Алар менен иштешүүнүн шарттары мыйзам чегинде иштелип чыккан. Өнүккөн чет өлкөлөрдө аңчыларга сый-урмат менен мамиле кылышат. Анткени алар мыйзам бузушпайт, жаратылышты жөнү жок жабыркатуудан алыс болушат. 2014-жылы КРнын ЖКда «Аңчылык жөнүндөгү» мыйзам талаш-тартыш менен кабыл алынган. Мурда атууга лимит көбөйө берген. Иш жүзүндө жаныбарлардын саны азайган. Мурда 71 аңчылык чарба болсо, азыр 41 аңчылык чарба калды. Азыркы учурда аңчылык менен катар туристтик иштерди илгерилетүү да эске алынды».

Эскерте кетсек, 2017-жылдын жай айларында КРдин ЖКда аңчылык мыйзамы кайрадан колдоо тапкан эмес. Ушундай чечимдерден улам, аңчылыкты кимдер жасайт деген суроо пайда болот…

Жалпылап айтканда, Адам баласы – жаратылыштын бир бөлүгү. Ал жаратылышсыз жашай албайт. Абадан дем алып, азык оокат, күн нурун, жылуулукту, курулуш материалдарын, кийим-кече, кыскасы, бардык керектүү нерсени жаратылыштан алат. Ошондуктан жаратылыш бизге көздүн карегиндей керек, ага гумандуу мамиле жасап коргоого акылуубуз. Ар бир жаран өз баласын кичинесинен жан-жаныбарларга ырайымдуу мамиле жасоого, аларды коргоого тарбиялоосу зарыл. Адамзаттын жан-жаныбарларга көркөмдүүлүккө, назик-наристеликке болгон аёо сезимдеринин күчү, сүйүүсү илим чөйрөсүндө жаңыдан кадам шилтеген экологияны негиздеп, экологияга салым кошору шексиз. **Адам баласынын жашоо-тиричилигиндеги эң асыл, баа жеткис зарыл маселелердин бири болуп экология маселеси кала берет.** Бүткүл адамзат, бардык жан-жаныбарлар, ал эле эмес суу да, деңиз да, дарыялар да, жашаган балыктардын миңдеген түрлөрү, тоолор, токойлор, агын суулар – баары жаратылыштын бир бөлүгү болуп саналат. Ата мекендин табиятын коргоого тарбиялоо үй-бүлөдө ата-эненин, балдар бакчасынын, орто мектептин, атайын орто жана жогорку окуу жайлардын, жалпы коомчулуктун ыйык парзы болуп саналат. Адам баласынын кайрымдуулугу, боорукерлиги мээнеткечтиги, адилетүүлүгү, ыймандуулугу, мекенди ардактоосу, жаратылыштын баа жеткис байлыктарын айлана-чөйрөнүн экологиясын коргоого, сактоого бурулганда гана биз келечектеги жаш муундарга байыркы доорлордон бери жашап жаткан өсүмдүктөрдү, жан-жаныбарларды ж.б. сактап калабыз деген ыйык парз ар бир инсандын оюнан орун алууга тийиш. Адам баласы жаратылыш процесстерине улам активдүү кийлигишип жаткан илимий-техникалык революциянын азыркы шарттарында курчап турган айлана-чөйрөнү коргоо эң бир курч жана актуалдуу проблемалардын бирине айланды. Ал глобалдуу мүнөзгө ээ. Аны чечүү биздин планетабызда жашап турган бардык адамзаттын күч-аракетин талап кылат. Ар бир адамда жаратылышка карата сарамжалдуу, аяр мамиле кылууга тарбиялоо, анын билимин кеңейтүү жана жаратылышты коргоого, курчап турган чөйрөнү өзгөртүүгө зарыл болгон ыгын өнүктүрүү азыркы учурдагы тарбия берүүнүн жана жалпы билим берүү тармагынын ажырагыс бөлүгү болуп калды. Үй-бүлөдө, балдар бакчасында, мектепте, орто жана жогорку окуу жайларында окутуунун жана тарбиялоонун бүтүндөй процесси окуучуда айлана-чөйрөнү коргоо маселесин чечүүгө атуулдук жоопкерчилик сезимин тарбиялоого, жаратылышты сүйүүгө, жаратылышка мамиле кылуунун маданиятын, айлана-чөйрөнү коргоонун талаптарын эске алуу менен калыптандырууга багытталган. Үй-бүлө жана мектеп, ЖОЖ да балдарды айлана-чөйрө менен тааныштырганда табияттын кооздугун туура кабыл алып түшүнүүсүн камсыз кылууга тийиш. Табиятты кабыл алуудагы сулуулукка таңдануу сезими жаштарды айлана-чөйрөнү жана табиятты коргоого шыктандырат. Орто мектептерде, атайын жогорку билим берүүчү окуу жайларда жаштарды адабият, көркөм чыгарма менен тарбиялоо чоң мааниге ээ. Белгилүү адабий сынчы Белинский: «Адабият – бул элдин турмушунун күзгүсү» деген. Ошондуктан жашоо турмуш-тиричиликте болуп жаткан кубулуштар, окуялар көркөм чагылдырылат. Мындай чыгармалар өз убагында көркөм элестүү чагылдырылган көптүн кызыгуусун арттырган көөнөрбөс эмгек болуп кала берет.

Корутундулап айтканда, Адам менен Жаратылыш – бүтүн, ажырагыс нерсе. Эгер адам жаратылышка кол салса, ал кайсы бир учурда ага кайра кол салат. Адам өзү жаратылыштын бир бөлүгү экендигин эч качан эстен чыгарбоосу зарыл.

**Адабияттар:**

1. Акматалиев А. Аалам, Адам жана Жаабарс. -Бишкек, 2006. 29-б.
2. Акматалиев А. Рух дүйнөсү – "Манас" жана Айтматов. –Бишкек, 2012. 33-б.

3. Асаналиев К. Көркөм нарк. -Фрунзе, 1988, 147-б.
4. Айтматов Ч. Тоолор кулаганда, VIII том. Түз. А.Акматалиев. -Бишкек: 2014. 211-б.
5. Айтматов Ч. Чыгармаларынын жыйнагы, 8 том. -Бишкек, 2008. 542-б.
6. Садыков А. Борбордук Азия өлкөлөрүнүн адабияты. -Бишкек, 2001. 11.